**№ 1-тиркеме**

**“Аманат ачып – белек ал!” акциясын өткөрүүнүн шарттары**

**1. Жалпы жоболору**

1.1. “Аманат ачып – белек ал!” акциясынын шарттары (мындан ары – Шарттар) "Керемет Банк" ААКда (мындан ары –Банк) “Аманат ачып – белек ал!” акциясын (мындан ары – Акция) өткөрүүнүн тартиптерин аныктайт.

1.2. Акция, Банкта аманат ачышкан жеке адамдардын жана юридикалык жаткардын үлүшүн жогорулатуу максттарында Банктын 11 жылдыгынын урматына өткөрүлүүдө.

1.3. Акцияны уюштуруучу "Керемет Банк" Ачык акционердик коому, жайгашкан жери (дареги): Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 40/4, ИНН 02012201010017, код ОКПО 27231453

1.4. Акция ушул Шарттарда белгиленген тартиптерде өткөрүлөт. Акция 2021-жылдын 1-ноябрынан 12-декабрына чейинки мезгил аралыгында өткөрүлөт. Акция өткөрүлүүчү аймак – Кыргыз Республикасы.

**2. Акция катышуу тартиптери**

2.1. Акцияга Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган, 18 жашка толгон, ишке жарамдуу жеке адамдар – Кыргыз Республикасынын жарандары (Банктын жана алардын аффилирленген жактарын эске албаганда) (мындан ары – Акциянын катышуучусу) катыша алышат.

2.2. Акциянын катышуучусу болуу үчүн Акция аракеттенген мезгил аралыгында Банктын кайсыл болбосун бөлүмүнө келип,10 000 сомдон жогору суммага 12 айдан жогору мөөнөткө жайгаштыруу менен мөөнөттүү аманатты ачуусу абзел.

2.3. Акция колдонууда турган мезгил аралыгында Банкта алгачкылардан болуп амат ачкан 11 Катышуучу жеңүүчү катары таанылат. Жеңүүчү деп таануу учуру болуп, Акция аракеттенген мезгил аралыгынан кийин ачылган депозиттер боюнча отчетту чыгаруу таанылат.

2.4. Бир Катышуучу Акция колдонууда турган мезгил аралыгында бир гана белек ала алат. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн жалпы саны Акциянын байге фонду менен чектелген. Акция, мөөнөтү аяктагандан кийин токтотулат.

**3. Акциянын байге фонду**

3.1. Акциянын байге фонду Банктын өздүк каражаттарынын эсебинен түптөлгөн жана Акциянын Катышуучуларына белектерди сунуштоо үчүн гана колдонулат. Байге фонду белектердин жалпы саны менен чектелген – бирөөндө экөө болгон Mija Pure Smart Humidifier 11 аба нымдооч-тазалагыч.

3.2. Акциянын катышуучуларынын белек алуу шарттары:

- 10 000 сомдон жогору суммага 12 айдан жогору мөөнөткө жайгаштыруу менен мөөнөттүү аманатты ачуу. Акциянын шарттарын аткарган 11 Катышуучу аба нымдооч-тазалагыч белекке алат. Баардыгы болуп аба нымдооч-тазалагычты саны 11 даана.

**4. Белектерди берүү тартиби**

4.1. Банктын кызматкери Акция аракетте турган мезгили аралыгында ачылган аманттар боюнча отчетту чыгарат, Акциянын шарттарын – атап айтсак, 10 000 сомдон жогору суммага 12 айдан жогору мөөнөткө аманатты ачкан Акциянын алгачкы 11 Катышуучусун белгилейт.

4.2. Банктын кызматкери Акциянын жеңүүчүсүнө телефон чалат жана эгерде аманат аймактык бөлүмдө ачылган болсо аларды Банктын бөлүмүнөн белегин алып кетүүгө чакырат.

4.3. Банктын кызматкери Акциянын жеңүүчүсүнө телефон чалат жана эгерде аманат Бишкек шаарында ачылган болсо, аларды Банктын Башкы кеңсесинен белегин алып кетүүгө чакырат.

4.4. Белекти алуу үчүн Акциянын катышуучусу инсандыгын тастыктаган документти (паспорт же айдоочунун күбөлүгүн) көрсөтүүсү абзел.

**5. Акциянын башка шарттары**

Өзү тууралуу маалыматтарды ыктыярдуу берүү менен Акциянын Катышуучусу, Акциянын максаттары үчүн Акциянын катышуучусу тууралуу жеке маалыматты Банк тарабынан топтоого, сактоого, пайдаланууга жана таркатууга өзүнүн макулдугун берет.

Акцияга катышуу фактысы, Акциянын Катышуучусу ушул Шарттарга, ошондой эле алардын жеке маалыматтары менен фото-сүрөттөрү жарнамалык максаттарда Банк тарабынан колдонулушуна макулдугун билдирет. Акциянын катышуучулары, ал үчүн кошумча сый акы талап кылбастан, жалпыга маалымдоо каражаттарында Акцияга катышкандыгы тууралуу жарнамалык интервьюларды берүүгө макулдугун беришет. Ал сындуу интервьюларга баардык автордук укуктар Банкка таандык болот.

Белекти алуу үчүн Катышуучу Акция өткөрүлгөн мезгил аралыгында ушул Шарттарга ылайык талап кылынган жол-жоболорду аткарууга милдеттүү. Акция өткөрүү шарттарын сактабагандык Катышуучунун Акцияга катышуудан баш тартуусу менен белектен баш тарткандыгын билдирет.

Уюштуруучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Акциянын жеңүүчүсүнүн белекти алуу менен байланыштуу болгон баардык сый акыларды төлөөнү жүзөгө ашырат.

Эгерде Акциянын катышуучусу өзү тууралуу туура эмес маалыматты бергендиги аныкталса, маалыматты өз учурунда бербесе же кандайдыр бир негизде ушул Шарттарды аткарбаса, Акцияны өткөрүү шарттарына жооп бербесе, Акциянын Катышуучусуна белекти берүүдөн баш тартуу укугуна ээ.

Банк кайсыл болбосун учурда, аны Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары тыюу салбаган, өзү каалаган ыкмада алдын-ала маалымдоо менен Акциянын мөөнөттөрүн, байге фондун жана Акциянын шарттарын толуктоону жана/же өзгөртүүнү, толугу менен же бир бөлүгүндө Акцияны өткөрүүнү токтотуу, убактылуу тотото туруу укугун өзүндө калтырат.

Банк аты-жөнүн, алган белегин көрсөтүп, фото-сүрөттү колдонуу менен Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмесин жарыялоого укуктуу.